УДК 070.1
DOI 10.35254/bsu/2025.74.13

***Кийизбаева Ч.К.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ*
*филология илимдеринин кандидаты,*
*доценттин милдетин аткаруучу*
*chkiyizbaeva@bhu.kg*

# ФАКТЧЕКИНГ: КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНДА МААЛЫМАТТЫ ТЕКШЕРҮҮ ПРАКТИКАСЫНЫН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ЖОЛДОРУ

**Кыскача мазмуну**

Макала кыргыз журналистикасында маалыматты текшерүүнүн маданияти катары фактчекингдин актуалдуу жана маанилүү проблемасын аса детально жана толук түрдө толусунан илимий изилдейт. Улуттук медия каражаттарынан чыныгы мисалдарга толук негиздеп, фактты текшерүү практикасындагы жетишкендиктери жана реалдуу чакындарын талдайт. Фактчекинг системалаштыруу этабында экендиги аныкталды: Factcheck.kg, ПолитКлиника жана Kaktus.media медиа ресурстары дезинформация жана жалган жабарлар менен күрөшүүдө чоң натыйжаларга жеткендиктери. Изилдөө аймак журналисттери үчүн маалымат базасынын жетишсиздигин жана убактылуу жана материалдык ресурстардын катуу жетишсиздигин толук жактан көрсөтүп турат. Кесиптүү компетенцияларды өнүктүрүү боюнча практикалык жана эффективдүү чараларлар аса сунушталат. Журналист кадрларынын окуу деңгээлин жогорулатуу, университеттерде адистендирилген курстарды ишке киргизүү жана редакциялык стандарттарды укуктуу түрдө бекемдөө сунушталат.

**Түйүндүү сөздөр:** маалыматты текшерүү, медиа безикчилик, дезинформация менен күрөшүү, редакциялык стандарттар, фактты текшерүү, журналисттик компетенциялар, медиага ишеним, маалыматтык коопсоздук, кесиптик стандарттар, журналист окутуу

***Кийизбаева Ч.К.***
*БГУ им. К.Карасаева*
*кандидат филологических наук,*
*и.о. доцента*
*chkiyizbaeva@bhu.kg*

# ФАКТЧЕКИНГ: СОСТОЯНИЕ И ПУТИ РАЗВИТИЯ ПРАКТИКИ ПРОВЕРКИ ИНФОРМАЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКЕ

**Аннотация**

Статья исследует актуальную проблему фактчекинга как важной культуры проверки информации в современной кыргызской журналистике. На основе реальных примеров из национальных средств массовой информации детально анализируются достижения и реальные вызовы в практике верификации фактов. Выявлено, что фактчекинг находится на этапе система-

тизации: медиаресурсы Factcheck.kg, ПолитКлиника и Kaktus.media добились значительных результатов в борьбе с дезинформацией и фейковыми новостями. Исследование показывает недостаточность информационной базы для провинциальных журналистов и острую нехватку временных и материальных ресурсов. Предложены практические эффективные меры по развитию профессиональных компетенций. Рекомендуется повысить образовательный уровень кадров журналистов, внедрить специализированные курсы в университетах, укрепить редакционные стандарты и активно развивать медиаграмотность общества по всей стране.

**Ключевые слова:** проверка информации, медиа-грамотность, борьба с дезинформацией, редакционные стандарты, верификация фактов, журналистские компетенции, доверие к СМИ, информационная безопасность, профессиональные стандарты, образование журналистов

***Kiyizbaeva Ch.K.***
*Bishkek State University named after K. Karasaev*
*Candidate of Philological Sciences,*
*Acting Associate Professor*
*chkiyizbaeva@bhu.kg*

# FACT-CHECKING: THE STATE AND DEVELOPMENT PATHS OF INFORMATION VERIFICATION PRACTICES IN KYRGYZ JOURNALISM

**Abstract**

This article examines fact-checking as an important culture of information verification in contemporary Kyrgyz journalism. Based on real examples from national media outlets, the study analyzes achievements and challenges in fact verification. Fact-checking is at the systematization stage: media resources Factcheck.kg, PolitClinika, and Kaktus.media achieved significant results combating disinformation and fake news. The research demonstrates insufficient information databases for provincial journalists and shortage of temporal and material resources. Practical effective measures for developing professional competencies are proposed. It is recommended to raise educational levels of journalist personnel, implement specialized university courses, strengthen editorial standards, and develop media literacy across society.

**Keywords:** information verification, media literacy, combating misinformation, editorial standards, fact verification, journalistic competencies, trust in media, information security, professional standards, journalist education

**Киришүү.** XXI кылымда маалымат агымы өтө ыкчам өсүп, аны менен кошо фейк жаңылыктардын жана манипуляциялык маалыматтардын көбөйүшүнө алып келди. Бул дүйнөлүк журналистикага чоң чакырык таштап, журналистика дүйнөсүнө фактчекинг деген түшүнүктү алып келди. Фактчекинг – журналистиканын ишенимдүүлүгүн сактап калуучу жана коомдук жоопкерчилигин арттыруучу негизги механизм. Кыргызстанда бул багыт акыркы жылдары активдүү өнүгүп, медиа уюмдар жана жарандык коом өкүлдөрү маалыматты текшерүү боюнча ар түрдүү долбоорлорду ишке ашырууда.

Изилдөөнүн максаты – кыргыз журналистикасында маалыматты текшерүү (фактчекинг) практикасынын учурдагы

абалын талдоо жана анын өнүгүү жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:** Фактчекинг түшүнүгүнүн теориялык негиздерин изилдөө; Кыргыз журналистикасында маалыматты текшерүүнүн учурдагы абалын аныктоо; Журналисттердин факт текшерүүдө колдонгон ыкмаларын талдоо; Негизги көйгөйлөрдү жана чектөөлөрдү көрсөтүү; Маалыматты текшерүү маданиятын өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Фактчекинг (fact-checking) түшүнүгү дүйнөлүк журналистикада 1990-жылдардан тарта кеңири колдонулуп келет. Бул түшүнүк социалдык тармактардын пайда болушу менен өзгөчө өнүгүүгө бет алды. Фактыларды текшерген FactCheck.org деген алгачкы сайт 2003-жылы АКШда пайда болсо, төрт жылдан кийин “PolitiFact” долбоору иштеп баштаган. Дүйнөдө фактчекинг уюмдары өтө тездик менен көбөйүп, 2018-жылы токсондон ашуун уюмду кошкон Эл аралык факт-чекинг долбоору түзүлгөн. Азыр болсо мындай ресурстардын саны үч жүздөн ашуун. Кыргызстанда мындай сайттар 2018-жылдан баштап иштеп баштаган.

Фейк жаңылыктар деп эмнени айтабыз? Бул чындыкка туура келбеген, ушак, жалаа, манипуляцияларды камтыган жана коомдук пикирди манипуляциялоону көздөгөн жалган маалыматтардын түрү. Бул жаңылыктар негизинен интернет аркылуу тарайт жана алар көбүнчө эмоцияны козгой турган, кызыктуу жана сенсациялуу маалыматтар катары көрүнөт. Фейк түшүнүгү медиа чөйрөнүн ар кандай кубулуштарын камтыйт: жасалма тексттер, фото, видео, аудио жазуулар, эмгектер, долбоорлор жана башкалар

Журналист Борислав Козловский фейк жаңылыкка «…фейковые новости — это грубая подделка под новости, которая не проходит самые базовые проверки на прочность и, несмотря на это, влияет на миллионы людей» [1, 198] деген аныктама берет. Б.Козловский баамдагандай, азыр тилекке каршы, биздин коомдо таркап жаткан маалыматтын баардыгын чындык деп эсептебешибиз керектигин толук кандуу түшүнүп, аң сезимибизге терең сиңире элекпиз. Бул өзгөчө Кыргызстанда чоң көйгөй. Эл массалык маалымат каражаттары аркылуу тараган ишенимдүү маалыматтарга караганда социалдык тармакта тараган ушактарга көбүрөөк ишенишет. Анын бир эле мисалы – 2025-жылдын октябрь айында Ак-Ордо жаңы конушунда мыкаачылык менен өлтүрүлгөн эки бир тууғандын өлүмү боюнча тараган түрдүү маалыматтар. Айрымдар катталуучуларын көбөйтүү үчүн атайылап хайп жаратып, кээде маалыматтарды бурмалап да жиберишет. Буга Ысык-Көл облусунда мыкаачылык менен өлтүрүлгөн 17 жаштагы Айсулуу Мукашеванын агасымын деп айрым ЖМКларга маек берген, социалдык тармактарга ар кандай билдирүүлөрдү тараткан Сыймык Нарынбек уулунун жоруктары мисал. Кийин ал бул иштерди хайп жаратуу, катталуучуларынын санын көбөйтүү максатында жасаганын мойнуна алган. Ага мыйзам чегинде тийиштүү чара көрүлгөн [2].

Кыргызстанга фактчек менен иштөө практикасын “Медиа өнүктүрүү борбору” коомдук фонду алып келип, бир катар журналисттерди окуткан. Республикадагы эң алгачкы **Factcheck.kg** сайтын Болот Темиров негиздеген. Ал бул сайтты эмне үчүн жана кандайча негиздегенин “Журналисттер” коомдук бирикмесинин сайтына айтып берген: “*2017-жылы улут, аймак аралык кастыкты козгогон фейктер толуп кеткен. Мен ошондо ачык булактардан маалыматты текшерүү оңой жана бат экенин түшүндүм. “Фейсбуктагы” баракчам аркылуу аларды текшерүүнүн жыйынтыгын жарыялап турчумун. Бирок фейктер азайган жок. Улам жаңы окуя болгон соң, ага байланышкан жалган маалымат пайда боло берди”* [3]. Болот Темировдун айтымында, алгач фактчекинг, фейк

деген түшүнүк Кыргызстанда жаңы болгондуктан көпчүлүк булактын контентин түшүнө беришкен эмес. Сайт акырындап отуруп элдин ишенимин арттырып, өзүнүн окурмандарын топтоп баштаган. Эки жылдан кийин "Чекит Медиа" негизделген. Учурда фактчек жанрын өнүктүрүүгө "Kaktus.media", "T-Media", "ПолитКлиника" сыяктуу сайттар өз салымын кошуп, алгылыктуу иштерди алып барышууда.

Фактчекинг жасоо боюнча алдыңкы сапка кыска мөөнөттө "ПолитКлиника" медиасы чыкты деп айта алабыз. Бул сайт фактчекерлердин катарына пандемия учурунда кошулган. Бул тууралуу сайттын негиздөөчүсү Дилбар Алимова мындай дейт: "Пандемия учурунда коронавируска байланыштуу фейктер тарап, бир күндө 3-4 материал жасаган учурлар болду. Ошондо фактчекинг аркылуу бизге абдан жакшы трафик келип жатканын байкадык. Андан соң фактчек жанрындагы макалаларды туруктуу жасап калдык. Дагы жаңы журналисттерди алып, өзүбүз окутуп, даярдап алдык. Азыр биздин редакцияны фактчекерлер катары да тааный башташты. Сайтыбызда "Фактчек" деген атайын бөлүм пайда болду" [4].

2024-жылдын ноябрь айынан ушул жылдын май айына чейин ПолитКлиника түрдүү темалардагы коомдун көңүлүн өзүнө бура ала турган 26 фактчек жасаган. Эң чоң басымды ишенчээк адамдарды алдамчылардан коргоп калуу багытына койгон. Алардын бири "Инстаграмдагы кичинекей балдарга акча чогулткан баракча шылуундук менен алектенет" деген фактчек макала. Бул баракча өзбекстандык Абдумавлонов Бекзод Равшан угли деген өзбек тарабынан ачылганын аныктап, ал көптөн бери кыргызстандыктарды гана эмес башка жакынкы мамлекеттердин жарандарын да алдап жүргөнүн аныктаган. "kyrgyzstan.jardam баракчасы интернеттеги ар кандай дарт менен ооруган кичинекей балдардын, наристелердин сүрөт-видеолорун уурдап алган. Ошондой эле балдар тууралуу таптакыр маалымат берген эмес. Бардык балдарга бир эле эсептик номур колдонот жана которулган акчалардын кайда жумшалганы тууралуу да отчёт бербейт. Көрсөтүлгөн номур болсо, өчүк. Баракчанын автору жалаң кичинекей жана оорукчан балдардын жан кейитерлик абалын, ошондой эле адамдардын диний сезимдерин козгоочу сөздөрдү колдонуп, шылуундук менен алектенет. Шылуундардан сак болуңуз!" [5], - деп, андай жардам сурагандардын баардыгы эле чынчыл эмес экендигин айтып, элди алданып калбоого чакырган.

Мына ушундай жол менен башталган фактчек жанры кыргыз журналистикасында ыкчам өнүгүп, элдин аң сезимине акырындап сиңе баштады. Ага кызыккан журналисттер дагы курч иликтөөлөрдү жасай башташты. Иликтөөлөр узак убакытты жана көп каражатты талап кылгандыктан кыргызстандык журналисттер иликтөөлөрдү негизинен биргелешип жасашат. Мисалы, Кыргызстандагы ири долбоорлор жөнүндө да иликтөөнү Коррупцияны жана уюшкан кылмыштуулукту изилдөө борбору (OCCRP), Temirov Live жана "Клооп" биргелешип жасаган [6].

Бирок мындай иликтөөлөр чыккандан кийин журналисттер үчүн иштөө кыйындай баштаган. Анткени ачык булактардагы маалыматтарга жетүү кыйындап баштаган. Мисалы, 2020-жылдын апрель айында Factcheck.kg чыгарган Бажы кызматкеринин үч кабаттуу хансарайы тууралуу иликтөөсүнөн кийин Бажы кызматынын сайтында кызматкерлер тууралуу тиешелүү маалымат өчүрүлгөн [7].

**Корутунду.** Кыргыз медиасында фейк жаңылыктар менен күрөшүүдө Factcheck.kg, Kaktus.media жана 24.kg сыяктуу медиа уюмдар иштеп жатканы менен аймактык деңгээлдеги журналисттер үчүн факт текшерүү куралдары жетишсиз болуп, көпчүлүк учурда булактарды терең ана-

лиздөө мүмкүнчүлүгү чектелүү болууда. Убакыттын тардыгы жана каражаттын аздыгы дагы фактчекингдин өнүгүшүнө бир катар тоскоолдуктарды жаратып жатканын фактчекерлер да айтып келишет.

“Оперативдүүлүк, ыкчам маалымат берүү ири агенттиктер үчүн номур биринчи көйгөй болуп саналат. Ал эми фактчекинг айрым учурда өтө көп убакытты талап кылат. Жаш кадрлар таптакыр даярдыгы жок келет. Алардын университетте алган билими жетишсиз. Мындан тышкары, алар жаңы нерсени үйрөнүүгө умтула беришпейт, өсүп-өнүгүүнү каалаган, билимге умтулган жаштар өтө сейрек, чанда гана кездешет”, - дейт 24.kg сайтынын башкы редакторунун орун басары Махинур Ниязова [8].

Фактчекинг маданиятын өнүктүрүү үчүн журналисттердин билим деңгээлин жогорулатуу жана медиабилимди коомдо жайылтуу зарыл. Журналистика факультеттеринде маалыматты текшерүү боюнча атайын курстарды киргизүү, редакцияларда ички стандарттарды күчөтүү — бул багыттагы негизги кадамдар болуп саналат. Мындан тышкары, коомчулукка туура маалымат берүүнүн маанисин жогорулатуу аркылуу фейк жаңылыктар менен күрөшүү натыйжалуу болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз журналистикасында фактчекинг маданиятын өнүктүрүү — бул маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жана коомдук ишенимди сактоонун негизги жолу. Изилдөө көрсөткөндөй, азыркы учурда маалыматты текшерүү иши системалашуу этабында турат, бирок айрым медиалар бул багытта ийгиликтерге жетишүүдө. Эл аралык тажрыйбаны өздөштүрүү, журналисттердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана медиабилимди кеңейтүү — фактчекинг маданиятынын өсүшүнө өбөлгө түзөт.

### Адабияттар


1. ИИМ "маркум Айсулуунун агасымын" деп жалган маалымат берген адам милицияга жеткирилгенин билдирди [Электронный ресурс] // Азаттык Радиосу. – 2024. – 1 окт. – Режим доступа: https://www.azattyk.org/a/33545722.html (дата обращения: 01.10.2025).
2. Инстаграмдагы кичинекей балдарга акча чогулткан баракча шылуундук менен алектенет [Электронный ресурс] // ПолитКлиника. – Режим доступа: https://pk.kg/news/inner/faktchek-instagramdagy-kichinekej-baldarga-akcha-chogultkan-barakcha-shyluunduk-menen-alektenet/ (дата обращения: дата не указана).
3. Козловский, Б. Максимальный репост. Как соцсети заставляют нас верить фейковым новостям / Б. Козловский. – Москва : Альпина Паблишер, 2018. – 198 с.
4. Коррупция Садыра Жапарова и Каныбека Туманбаева на стройках [Электронный ресурс] // YouTube. – Режим доступа: https://www.youtube.com/watch?v=wHrXaKghSVw&t=876s (дата обращения: дата не указана).
5. Кыргызстандагы фактчек [Электронный ресурс] // Factcheck.kg. – Режим доступа: https://factcheck.kg/kyrgyz-kyrgyzstandagy-faktchek/ (дата обращения: 28.12.2020).
6. Нанакеева, Н. Кыргызстандагы ачык маалыматтардын негизинде журналисттик иликтөө жасоо боюнча колдонмо китеп / Н. Нанакеева, Э. Турдубаева. – Бишкек : [б. и.], 2022. – 192 б.
7. Суходолов, А. П. «Фейковые новости» как феномен современного медиапространства: понятие, виды, назначение, меры противодействия / А. П. Суходолов, А. М. Бычкова // Вопросы теории и практики журналистики. – 2017. – Т. 6, № 2. – С. 143–169.
8. Шатанова, Д. Фейк жаңылыктар жана алардын алдын алуу чаралары, ачыкка чыгаруу жолдору / Д. Шатанова // Эл агартуу. – 2025. – № 5-6. – Б. 202.